
УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ

AMNESTY INTERNATIONAL



# КӨЗДӨН ЖАШ АГЫЗУУЧУ ГАЗДАН ЖАБЫРКАП КАЗА БОЛГОН

**ЗИНЕБ РЕДУАН**

ФРАНЦИЯ

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

# УКУКТАРДЫ КОРГОО ҮЧҮН КАТ ЖАЗ
# 20 ЖЫЛДАН БЕРИ ЖАЗЫЛЫП, КЫЙЛА ӨМҮР ӨЗГӨРТКӨН КАТТАР

Кимдир бирөөнү колдоо үчүн бир ууч гана адам бириксе, жыйынтыгы укмуш болушу мүмкүн.

Мындан 20 жыл мурун Польшадагы активисттердин чакан тобу 24 сааттык кат жазуу марафонун өткөрүшкөн. Кийинки жылдарда бул идея терең жайыла баштаган. Бүгүнкү күндө "Кат жазуу марафону" — бул адам укуктары боюнча дүйнөдөгү эң ири иш-чара болуп саналат.

2001 -жылы 2,326 кат жазылса, 2021-жылы алардын саны 4,7 млн катка жеткен. Твиттер, петицияларга кол коюу жана башка иш-чаралардын, тилектештик үчүн чек аралар тоскоол эмес деген пикирдин алкагында жер жүзүндөгү адамдарды бириктирип, сөздүн күчүн колдонгон. Биргеликте бул адамдар бир нече жылдар бою 100дөн ашуун адамдын жашоосун өзгөртүүгө жардам берип, аларды кыйноолордон, куугунтуктардан же адилетсиз кармоолордон бошотушкан.

Бул жылы өнөктүк иштери тынчтык жигердүүлүгүн, жеке көз караштары же өзгөчөлүктөрү үчүн бутага алынган адамдардын наразычылыктарын билдирүү жана өз оюн эркин айтуу укуктарын коргоого багытталган.

Алардын арасында укук коргоочу аялдар, сүрөтчүлөр жана тынч демонстранттар бар. Бул адамдар сабалып, түрмөгө камалып, октон жабыркап, куугунтукталып, же коркутуп-үркүтүүлөргө кабылган. "Кат жазуу марафону" аркылуу алар дүйнө жүзүндөгү миңдеген адамдардан атайын тилектештик каттарын алып турушат. Алар жана алардын үй-бүлөлөрү, жашоосундагы жагдайлар коомчулуктун назарында экенин жана алар унутта калбаганын билип турушат. Тилектештик аракеттер менен ар бир адамдын, анын ичинде эң көп басымга кабылгандар дагы зордук-зомбулуктан коркпостон, наразычылык акцияларына тең укукта катыша аларына кепилдик берсек, адилеттүү жана бирдей дүйнөнү түзө алабыз.

Кат жазуу менен бирге, Amnesty өз өлкөлөрүндө чечим кабыл алып, бир нерсе өзгөртө алган адамдарга — саясатчыларга кайрылат. Укуктарды коргоо үчүн кат жаз иш-чарасы адилетсиздикти коомдук иш-чаралар аркылуу көрсөтүп, социалдык тармактарда эл аралык коомчулуктун көңүлүн буруп келет.

Мурдагы жылдары кат жазуу өнөктүгүнө катышкандар көптөгөн адамдар аларды колдоп жатканын түшүнүп, каттардын таасири аларга дем-күч бергенин билдиришкен.

Көбүнесе, кат жазуунун натыйжасында укугу бузулган адамдарга жана топторго карата өлкө бийлигинин мамилеси байкаларлык өзгөрөт. Айыптар алынып, инсандар камактан бошотулушу мүмкүн. Инсандарга гумандуу мамиле жасала баштайт, адилетсиздикке каршы мыйзам жана жоболор киргизилет.

© Amnesty International - Нигерия



*Amnesty Нигериянын активисттери укуктар үчүн жазылган "Каттар марафону - 2021" катышууда.*

- Укугу бузулган адамдар үчүн күрөшүп жатканыбыз жөнүндө бул жерден окуй аласыз: https://eurasia.amnesty.org/marafon-pisem/ (орус тилинде)
- Өлкөңүздөгү Amnesty Уюмунун командасы менен байланышыңыз: www.amnesty.org/countries
- **#W4R22** хэштеги аркылуу @Amnesty уюмуна колдооңузду билдирген твит жөнөтүңүз.

## БАШТООДОН МУРДА

**Адам укуктары боюнча бул билим берүү иш-чарасын** ар кандай онлайн же оффлайн шарттарда, мисалы, мектепте, жамааттык топто, үй -бүлөдө же активисттик топтордун арасында өткөрүүгө болот. Фасилитатор (өткөрүүчү) катары бул иш-чараны алып барып жаткан кезде контекстке жана топтун ыңгайына жараша ылайыкташтыра аласыз. Мисалы, сиз топтун талкуулана турган маселелер боюнча буга чейин кандай билими бар экенин, катышуучулардын санын жана жигердүү катышууга мүмкүнчүлүк бере турган иш-чараларды кантип мыкты уюштурууну, техникалык шарттарын (онлайн же оффлайн түрдөбү), жана башка кандай чектөөлөр бар экенин карап чыксаңыз болот. Катышуучулар кандайдыр бир иш боюнча аракет же чара көрүүнү каалаbackspace, бул алар үчүн коопсузбу сүйлөшүп көрүңүз.

Бардык иш-чаралар **биргелешкен окутуу ыкмаларына** негизделген. Анда катышуучуларга жөн гана маалымат берилбейт; алар кейстерге байланыштуу маселелерге суроо салышат, изилдешет, талдашат жана талкуулашат. Мындай ыкма аркылуу катышуучулар:

негизги компетенттүүлүктөрүн жана жөндөмдөрүн **АРТТЫРЫШАТ**;

өз ой-пикирлерин **КАЛЫПТАНДЫРЫШАТ**, суроолорду беришет жана берилген маселелерди тереңирээк түшүнө баштaшат;

үйрөнгөн нерсесин **КӨЗӨМӨЛГӨ АЛЫП**, кызыкчылыктарына, жөндөмдөрүнө жана тынчсыздануулapына жараша талкууларды жүргүзүшөт;

өз-ара эмоционалдуу иштешүү жана жүрүм-турумдарын өнүктүрүү үчүн талап кылынган **МЕЙКИНДИККЕ ЭЭ БОЛУШАТ**.

- Эгер сиз биргелешкен окутуу ыкмалары менен тааныш эмес болсоңуз, баштоодон мурда Amnesty International уюмунун көмөктөшүү (Amnesty International's **Facilitation Manual**) боюнча колдонмосун карап чыгыңыз: www.amnesty.org/en/documents/ACT35/020/2011/en/ (англис тилинде)
- Ошондой эле Amnesty International уюмунун **адам укуктары боюнча** онлайн курстары бар https://academy.amnesty.org/learn/course/external/view/elearning/120/wedenie-v-prava-celoveka (орус тилинде)

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

# СӨЗДӨРҮҢӨРДҮН КҮЧҮ БАР


## ҮЙ-БҮЛӨСҮ МЕНЕН КАЙРАДАН

2021-жылдын 30-июнунда укук коргоочу Жермен Рукуки, Бурундиде төрт жылдан ашык түрмөгө камалып,   бошотулган. Ал жөн гана адам укуктарын коргогон   үчүн камакка алынып, жоопко тартылган.

2020 – Кат жазуу марафону учурунда дүйнөнүн булуң-бурчундагы тарапкерлер Жермендин эркиндигин талап кылган 436,000ден ашык акцияларды өткөрүшкөн . Эркиндикке чыккандан кийин өлкөдөн чыга албаган Жермен акыры 2022-жылдын февралында Бельгиядагы үй-бүлөсү менен кайрадан жолугушкан .  “Укуктар үчүн жазылган каттардын марафону чындап эле оң таасирин тийгизет. Бул колдоо мага, Жермен Рукукиге, түрмөдөн чыгып, адам укуктарын коргоо үчүн   ого бетер умтулууга түрткү берди”, — деген ал .



© Приваттык



## ӨЛҮМ ЖАЗАСЫНАН БОШОТУЛДУ

Түштүк Судандык Магай Матиоп Нгонг 2017-жылдын 14-ноябрында киши өлтүрүүгө айыпталып, өлүм жазасына тартылган кезде мектеп окуучусу болчу. Магай судьяга өлүм кокустук экенин айтып, ал кезде болгону 15 жашта экенин түшүндүргөн. Ошентсе да, Магайга жактоочу берилбестен ал киши өлтүрүү боюнча сот жообуна тартылган. 2019 - Кат жазуу марафону учурунда Магайга арналган 700,000ден ашуун иш-чаралар өткөрүлгөн. 2022-жылдын мартында Жогорку сот Магайдын окуя учурунда бала болгондугун эске алып, аны бошотууга макул болгон. Магай азыр өлкөдөн аман-эсен чыгып кеткен жана өзүнө окшогон адамдарга жардам берүүгө мурдагыдан да көбүрөөк чечкиндүү болду.

## УКУК КОРГООЧУ ЭРКИНДИККЕ ЧЫКТЫ

Мугалим жана ата Бернардо Кааль Соль Гватемаланын түндүгүндөгү Кахабон дарыясындагы гидроэлектростанциялардан жапа чеккен жамааттарды коргоо үчүн талыкпай эмгектенген. Ал 2018-жылдын ноябрында анын адам укуктарын коргоо ишине тоскоол болгон бурмаланган айыптар менен жети жылдан ашык мөөнөткө эркинен ажыратылган . 2021- жылы Кат жазуу марафону учурунда Бернардо үчүн жарым миллиондон ашык иш-аракеттер жасалып, ал 2022-жылдын март айында бошотулган.



© Симон Дальмассо

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

# АДАМ УКУКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ

Адам укуктары - бул ар бирибизге таандык негизги эркиндиктер жана коргоолор. Алар жашына, улутуна, жынысына, расасына, ишенимдерине жана жеке багыттарына карабастан кадыр-барктын, тең укуктуулуктун жана өз ара урматтоонун принциптерине негиздилген.

Сиздин укуктарыңыз - алардын сакталышы, башкаларга адилеттүүлүк менен мамиле кылуу жана өзүңүздүн жашооңузду тандоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу. Бул негизги адам укуктары универсалдуу – алар баарыбызга таандык; дүйнөдөгү бардык адамдар аларга ээлик кылат. Алар ажыратылгыс – аларды бизден тартып алуу мүмкүн эмес. Ошондой эле, алар бөлүнгүс жана бири-бирине көз каранды. Алардын бардыгы бирдей мааниге ээ жана өз ара тыгыз байланышта.

Экинчи Дүйнөлүк Согуш учурунда жасалган мыкаачылыктардан кийин Адам укуктарынын жалпы декларациясы кабыл алынгандан баштап, адам укуктары боюнча эл аралык документтер бүткүл дүйнөдөгү адамдардын жашоосун жакшыртуу үчүн иштелип чыккан улуттук, аймактык жана эл аралык мыйзамдардын бекем пайдубалын түздү. Адам укуктары бийликтегилерге мыйзамдар катары каралышы мүмкүн. Алар бийликтегилер жана өкмөт мүчөлөрү үчүн өз юрисдикциясындагы, ошондой эле чет өлкөдөгү адамдардын укуктарын урматтоо, коргоо жана аткаруу боюнча милдеттенмелерди жаратат.

Адам укуктары практикалык мүмкүнчүлүктөр болгондо гана орундала турган жыргалчылыктар эмес.




Amnesty International - Швецария

*Amnesty Швейцариянын активисттери укуктар үчүн жазылган “Каттар марафону - 2021” катышуууда.*


THE UNIVERSAL DECLARATION OF Human Rights

UNITED NATIONS

© UN Photo

# АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ (АУЖД)

АУЖД — Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки жылдарда жаңыдан түзүлгөн Бириккен Улуттар Уюму тарабынан иштелип чыккан. 1948-жылдын 10-декабрында кабыл алынган күндөн бери ал адам укуктары боюнча эл аралык системанын негизин түзгөн. Дүйнөнүн ар бир өлкөсү бул документтин 30 беренесинде айтылган жалпы принциптерге баш ийе турганына макул болгон .

АУЖД – бул декларация. Бул дүйнө жүзү боюнча бийлик тарабынан адамдардарга мамиле кылууда белгилүү стандарттарга баш ийүү ниетинин декларациясы. Адам укуктары эл аралык мыйзамдын бир бөлүгү болуп калды: АУЖД кабыл алынгандан бери анын принциптеринин негизинде көптөгөн башка милдеттүү мыйзамдар жана макулдашуулар түзүлдү. Дал ушул мыйзамдар жана макулдашуулар Amnesty International сыяктуу уюмдарга, бийликтегилерди “Кат Жазуу Марафонун” колдоого алып, туш болгон жүрүм-турумдарынан же терс мамилесинен баш тартууга негиз түзөт.

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

# АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ

| | | |
|---|---|---|
| **ЖАРАНДЫК УКУКТАР ЖАНА ЭРКИНДИКТЕР** Жашоо укугу, кыйноолордон жана кулчулуктан эркин болуу, дискриминацияга жол бербөө укугу. | **1-берене** | Өз беделинде жана укуктарда эркиндик жана теңдик |
| | **2-берене** | Дискриминацияга жол бербөө |
| | **3-берене** | Адамдын жашоо, эркиндик жана коопсуздук укугу |
| | **4-берене** | Кулчулуктан боштондук |
| | **5-берене** | Кыйноолордон эркиндик |
| **ЮРИДИКАЛЫК УКУКТАР** Күнөөсүз деп эсептелүү укугу, акыйкат сот талап кылуу, негизсиз кармап кетүүдөн же камактан чыгуу укугу. | **6-берене** | Бардык адамдар мыйзам менен корголот |
| | **7-берене** | Мыйзам алдында бардыгы бирдей |
| | **8-берене** | Мыйзам тарабынан белгиленген негизги укуктары бузулган кезде аларды калыбына келтирүү талаптары |
| | **9-берене** | Эч ким мыйзамсыз кармалууга, камакка алынууга, же куугунтукталууга тийиш эмес |
| | **10-берене** | Акыйкат сот жараянын талап кылуу |
| | **11-берене** | Күнөөсү тастыкталганга чейин күнөөсүз деп эсептелүү |
| | **14-берене** | Куугунтукка алынганда чет өлкөдөн баш калкалоо чарасын издөө укугу |
| **СОЦИАЛДЫК УКУКТАР** Билим алуу укугу, үй-бүлөө түптөө жана багуу, эс алуу жана ден-соолукка кам көрүү укугу. | **12-берене** | Үй-бүлөөлүк жеке турмушуна кийлигишпөө жана турак жайынын кол тийбестигин коргоо укугу |
| | **13-берене** | Эркин жашоо жана мамлекеттер ортосунда эркин саякаттоо укугу |
| | **16-берене** | Никеге туруу жана үй-бүлөлүк лүк турмушун баштоо укугу |
| | **24-берене** | Эс алуу жана бош убактысын пайдалануу укугу |
| | **26-берене** | Билим алуу укугу жана башталгыч билим акысыз болууга тийиш |
| **ЭКОНОМИКАЛЫК УКУКТАР** Турак жайга ээ болуу, иштөө, пенсияга чыгуу жана адекваттуу турмуштук стандартта жашоо укугу. | **15-берене** | Жарандыкка ээ болуу укугу |
| | **17-берене** | Өздүк турак жайга жана мүлккө ээ болуу укугу |
| | **22-берене** | Социалдык жактан камсыз болуу укугу |
| | **23-берене** | Адилеттүү эмгек акыга иштөө жана кесипчилик союздарга кирүү укугу |
| | **25-берене** | Ден соолук жана жыргалчылыгына кам көрүү үчүн адекваттуу турмушта жашоо укугу |
| **САЯСИЙ УКУКТАР** Өлкөнү башкарууга катышуу, добуш берүү, тынч чогулуштарды өткөрүү, сөз эркиндиги, дин жана ишеним укуктар. | **18-берене** | Ишеним жана дин эркиндиги укугу |
| | **19-берене** | Сөз эркиндиги жана маалыматты жайылтуу укугу |
| | **20-берене** | Эркин түрдө тынч чогулуштарга катышуу жана ассоциацияларга кирүү укугу |
| | **21-берене** | Өз өлкөндү башкарууга катышуу укугу |
| **МАДАНИЙ ЖАНА ТИЛЕКТЕШТИК УКУКТАРЫ** Коомчулуктун маданий турмушуна катышуу укугу. | **27-берене** | Өз коомчулугуңуздун маданий жашоосуна катышуу укугу |
| | **28-берене** | Бардык укуктар толугу менен ишке ашырылышы мүмкүн болгон эл аралык тартипке болгон укук |
| | **29-берене** | Башкалардын укуктарын сыйлоо жоопкерчилиги |
| | **30-берене** | Бул укуктардын бирин дагы тартып алууга тыюу салынат! |

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

# ИШ-ЧАРА
# НААРАЗЫЧЫЛЫК АКЦИЯЛАРЫН КӨЗӨМӨЛДӨӨ

### НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР

- Укук коргоо органдары
- Наразычылык акцияларын көзөмөлдөө

### БУЛ ИШ-ЧАРА ЖӨНҮНДӨ

Бул иш-чарада катышуучулар Францияда полициянын демонстранттарга каршы ашыкча күч колдонуусу, анын ичинде курал колдонуусу тууралуу, жаш агызуучу газдан жабыркап каза болгон Зинеб Редуандын чыныгы окуясы аркылуу таанышат. Иш-чаранын алкагында катышуучулар Зинебдин өлүмүнө себепкерлерди жоопко тартуу үчүн адилеттүүлүктү талап кылган каттарды жазууга жана анын үй-бүлөсүнө тилектештигин  көрсөтүүгө чакырылат.

### КҮТҮЛГӨН НАТЫЙЖАЛАР

Катышуучулар:

- полициянын адам укуктарын коргоодогу ролун **түшүнүп**, аны өз жашоосу менен байланыштыра алышат;
- укуктары полиция тарабынан бузулгандарга жана адилеттүүлүккө  жетпегендерге **тилектеш болушат**;
- Amnesty International уюмунун “Укуктар үчүн Жаз” / “Кат жазуу марафону” өнөктүгү жөнүндө **билишет**;
- бийликтерге Зинеб Редуандын өлүмүнө себепкерлерди жоопко тартуу үчүн акыйкаттыкты талап кылган **каттарды жазып**, Зинебдин үй-бүлөсүнө тилектештигин  билдиришет.

### ЖАШЫ: 13+

### КЕРЕКТҮҮ УБАКЫТ

60 мүнөт. “**Чара көрүү**” бөлүмү үчүн сизге кошумча убакыт керек болушу мүмкүн.

### КЕРЕКТҮҮ МАТЕРИАЛДАР

- **Таратма**: Зинебдин окуясы (11-бет)
- Полициянын күч колдонуусу жана наразылык акциялары тууралуу **жалпы маалымат**  (9-бет)
- Тиешелүү укуктар боюнча **жалпы маалымат** (10-бет)
- **Адам укуктарынын жалпы декларациясынын** (АУЖД) жөнөкөйлөтүлгөн мазмуну (5-бет)
- Кагаз, калем жана конверттер (эгер кат жөнөтүлө турган болсо )
- Кошумча: Каттардын үлгүсүн бул жерден алсаңыз болот:
- www.amnesty.org/writeforrights/ (англис тилинде)
- Кошумча: Зинебдин окуясы боюнча видео: www.amnesty.org/w4r-videos (англис тилинде).

### ДАЯРДЫК

- Ар бир катышуучу үчүн керектүү материалдарды принтерден чыгарып алыңыз.
- 11-беттеги Зинебдин окуясын жана 9-10-беттердеги жалпы маалыматтарды окуп чыгыңыз.

### КОШУМЧА МААЛЫМАТ ҮЧҮН

- “Кат жазуу марафону” боюнча кыска курсту бул жерден ала асасыз: https://academy.amnesty.org/learn/course/external/view/elearning/224/pravo-na-vyrazenie-protesta (орус тилинде)
- “Наразычылык билдирүү” укугу боюнча кыска курсту бул жерден ала аласыз: https://academy.amnesty.org/learn/course/external/view/elearning/224/pravo-na-vyrazenie-protesta (орус тилинде)
- Наразычылык билдирүү укугу боюнча Мунапыс уюмунун брифингин бул жерден окуй аласыз: www.amnesty.org/en/documents/ACT30/5856/2022/en/ (англис тилинде)

## 1. ПОЛИЦИЯНЫН РОЛУ

10 МҮНӨТ

Катышуучулардан полициянын коомдогу ролу тууралуу ой-пикирин  сурап көрүңүз?

- **Эмне үчүн полиция кызматы пайда болгон?**
- **Алар эмне кылышы керек?**

Айрым жоопторду алыңыз. Эгер катышуучулар айтпай кетсе, көп өлкөлөрдө полициянын төмөнкүдөй негизги ролдору бар экенин кошумчалай кетиңиз:

- **адамдардын мыйзамга баш ийүүсүн камсыз кылуу (мыйзамды ишке ашыруу);**
- **адамдарды жана мүлктү коргоо жана коомдук тартипти сактоо ;**
- **kылмыштарды иликтөө жана шектүүлөрдү камакка алуу.**

Полиция, күч колдонуу жана наразылык акциялары тууралуу **жалпы маалыматтарды** колдонсоңуз болот (9-бет).

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

## 2. ЗИНЕБ РЕДУАНДЫН ОКУЯСЫ МЕНЕН ТААНЫШТЫРУУ

15 МҮНӨТ

Төмөндөгү кыска үзүндүнү окуп берип, катышуучуларга сүрөттөлгөн окуялар чындыгында болгонун айтып бериңиз:

> **КӨРСӨТМӨ:**
> 2018-жылдын декабрь айында 80 жаштагы Зинеб, Франциянын Марсель шаарында төртүнчү кабаттагы өзүнүн батиринде кечки тамакты даярдап, кызы менен телефон аркылуу сүйлөшүп жаткан. Эшикте жашоо шарттарынын начардыгына наразычылык билдирип, көчөгө чыккан элдерди таркатуу үчүн полиция көздөн жаш агызуучу газ колдонуп жатты. Зинеб ачык турган терезесин жабайын дегенде, полициянын бирөө көздөн жаш агызуучу газ гранатасын аны көздөй ыргытып жиберген. Граната Зинебдин бетине тийип, ал алган жаракатынан улам ооруканада каза болгон. Анын бул трагедиялуу өлүмүнө байланыштуу эч кимге айып тагылып же кызматынан четтетилген эмес.

Катышуучулар эки экиден бөлүнүп иштешин сураныңыз жана **Зинебдин окуясы** тууралуу материалды таратып бериңиз (11-бетте). Маалыматты окуп, төмөнкү суроолорду талкуулоо үчүн аларга 10 мүнөткө жакын убакыт бериңиз:

- **Эмне болду деп ойлойсуз?**
- **Эмне үчүн мындай болду?**
- **Зинеб Редуандын окуясы боюнча кылмыш иши эффективдүү иликтенип, анын өлүмүнө күнөөлүү деп шектелгендердин баары жоопко тартылышы үчүн тиешелүү тараптар эмне кылышы керек?**

Топту кайрадан чогултуп, ар башка жуптардан жооптору менен бөлүшүп кетүүсүн сураныңыз.

Соңку жылдары Францияда эл көптөгөн маселелер боюнча көчөгө чыгып, анын ичинде социалдык жана экономикалык адилеттүүлүктү талап кылган, чоң наарзычылык акциялары болуп жатканын айта кетиңиз. 2018-2020-жылдардын аралыгында, алгач күйүүчү майдын кымбатташына каршы чыккан “сары жилетчендер” кыймылынын кайрылуулары өсүп отуруп, миллиондогон адамдарды социалдык жана экономикалык адилеттүүлүктү талап кылууга жана бийликтин климаттык кризис менен пенсиялык реформаларга каршы аракетсиздигине болгон наарзылыктарды билдирүүгө алып келген.

Катышуучуларды чогуу төмөнкү суроолорду колдонуу менен окуяны андан ары талдап чыгууга үндөңүз:

- **Полиция эмне кылышы жана эмне кылбашы керек эле?**

Жоопторду айрымдары төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- ☐ *Полиция башкалардын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн зарыл болгон минималдуу күчтү колдонушу керек болчу.*
- ☐ *Полиция терезени көздөй атпаш керек болчу.*

- **Зинеб Редуандын үй-бүлөсүнө, өзгөчө анын кызынын адилеттүүлүккө жетишине жана иштин бираз жылышына эмне жардам бере алат?**

Жоопторду айрымдары төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- ☐ *Зинеб Редуанды өлүмүнө себепкер бардыгынан, анын ичинде гранатаны ыргыткан деп шектелген полиция кызматкеринен жана анын командалык тизмегиндеги адамдардан толук жоопкерчиликти талап кылуу.*
- ☐ *Зинебдин өлүмүнө байланыштуу акыйкатыкка жетүүдө жана жазасыз калууну токтотууда тоскоолдуктарды жеңүүгө жардам берүү үчүн өздөрүн жалгыз сезген үй-бүлөгө дүйнөнүн булуң-бурчунан тилектештик каттарды жиберүү.*
- ☐ *Бийликке талап кылуу, полициянын наарзычылык акцияларындагы кооптуу практикасына жана жазасыз калуусуна көңүл буруу.*

Талкууга жардам берүү үчүн сиз полиция, күч колдонуу жана наарзылык акциялары (9-бет) жөнүндө **маалыматтарды** колдоно аласыз.



УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

## 3. АДАМ УКУКТАРЫ МЕНЕН ТААНЫШТЫРУУ

20 МҮНӨТ

**Жалпы маалыматттар:** 10-беттеги **тиешелүү укуктар** жазылган таблицанын сол тарабындагы адам укуктарынын тизмесин кезек менен бир-бирден окуп чыгыңыз. Катышуучулардан алардын кайсынысы Зинеб Редуандын окуясына тиешеси бар экенин ордунан туруп же колун көтөрүү менен аныктоосун сураңыз. Ордунан туруп же колун көтөргөндөрдөн ал укук эмне үчүн тиешелүү деп ойлой турганын кыскача түшүндүрүп берүүсүн сураныңыз.

Же болбосо, катышуучуларды эки экиден бөлүп, аларга **АУЖДнын кыскача мазмунунун** көчүрмөсүн таратып бериңиз (5-бет) жана алардан тиешелүү укуктарды белгилөөсүн сураныңыз.

Эгерде катышуучулар АУЖД менен биринчи жолу таанышып жаткан болсо, анда 4-беттеги маалыматты колдонуп, анын эмне экенин түшүндүрүп берүү менен баштоо керек.

## 4. ЧАРА КӨРҮҮ

15 МҮНӨТ

Amnesty International уюмунун "Укуктар үчүн кат жаз/ Кат жазуу марафону" өнөктүгү тууралуу айтып бериңиз. Amnesty уюму адамдарды Зинеб үчүн адилеттүүлүктү талап кылууга чакырып жатканын бөлүшүңүз. Каттардын жана башка кампаниялардын канчалык эффективдүү болоорун көрсөткөн былтыркы өнөктүктөн (3-бетте) мисалдарды келтирсеңиз болот. Мисал катары 2021-жылдагы Кат жазуу марафонунун ийгилигин Казакстандык блогер Темирлан Еңсебектин окуясы менен келтирсеңиз болот https://eurasia.amnesty.org/2022/09/15/delo-protiv-kazahstanskogo-blogera -темирлана-энсебека- прекрашено-он-был-героем-марафона-писем-2021-года/ (орусча)

Катышуучуларга бөлүнгөн аралыктын ичинде чара көрүүгө убакыт жетишсиз болсо, аларды кийинчерээк кантип жасоону уюштурууга үндөңүз же иш-аракеттерди топторго бөлүп бериңиз. Аларды жаратмандыкка шыктандырыңыз.

Катышуучуларга Зинебдин окуясы боюнча видеону бул жерден көрсөтсөңүз болот: www.amnesty.org/w4r-videos (англис тилинде).

### КАТ ЖАЗУУ

Катышуучуларды оң жактагы байланыш маалыматын колдонуп, француз бийликтерине Зинеб Редуан үчүн адилеттүүлүктү талап кылган каттарды жазууга чакырыңыз.

Бийликтегилерге жеке билдирүүлөр эң чоң таасир берерин түшүндүрүңүз. Катышуучуларга кат жазууга жардам берүү үчүн төмөнкү көрсөтмөлөрдү бере аласыз:

- Бийликке бул каттын жеке өзгөчөлүгүн белгилөө үчүн өзүңүз жөнүндө бир нерсе айтыңыз.
- Зинеб Редуандын окуясында сизди эмне таң калтырганын белгилеңиз.
- Аларга полициянын кылган иштерине жооп берүүсү эмне үчүн маанилүү экенин айтыңыз.
- Сиз **Зинебди өлүмүнө себепкер бардыгынан**, анын ичинде гранатаны ыргыткан деп шектелген полиция кызматкеринен жана анын командалык тизмегинен да **толук жоопкерчиликти** талап кыла турганыңызды **айтыңыз**. Судьялар колдогу бардык далилдерди карап чыгып, эгер негиздер тастыкталса, бардык шектүүлөрдүн адилет соттолушун камсыз кылууга тийиш.

Juges d'instruction (Тергөө судьялары)
Tribunal judiciaire de Lyon
67 rue Servient
69003 Lyon
France

*Twitter:* @TJLyon

*Кайрылуу: Урматтуу Тергөө судьялары*

### ТИЛЕКТЕШТИКТИ БИЛДИРҮҮ

Зинебдин үй-бүлөсүнө алар менен бирге экениңизди билдириңиз! Аларга акыйкаттык үчүн күрөштө күчтүү болууга жардам берүү үчүн тилектештикти көрсөтүп, үмүт берген билдирүүлөрдү жөнөтүңүз. Зинебдин сүйүктүү нерселери, мышыктардын жана розалардын сүрөтүн тартып, каттарга кошуп жибериңиз. Конвертке роза гүлүнүн кургатылган желекчелерин да салсаңыз болот.

Amnesty International France
10 Jours pour signer 2022
76 boulevard de la Villette
75019
Paris
France

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

# ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ


# ПОЛИЦИЯ, КҮЧ КОЛДОНУУ ЖАНА НАРАЗЫЧЫЛЫК АКЦИЯЛАРЫ

## КҮЧ КОЛДОНУУ ЖАНА АДАМ УКУКТАРЫ

Полиция кызматкерлерине кадимки жарандарга берилбеген иштерди жасоого уруксат берилет: мисалы, кимдир бирөөнү кармоо үчүн күч колдонуу, бирөөнү түрмөгө камоо, же курал алып жүрүү. Полицияга бул кошумча ыйгарым укуктар алар жарандарды коргоо жана коомдук тартипти сактоодо өз милдеттерин аткаруу үчүн берилген.

Бирок, артыкчылыктар менен бирге жоопкерчилик да келет. Полицияга башкаларга каршы күч колдонууга уруксат берилген, бирок алар муну мыйзамга жана адам укуктарына ылайык жасоого тийиш.

- Күч колдонуунун **зарылчылыгы**: ал мыйзамдуу максатка жетүү үчүн зарыл болгон күчтүн эң төмөнкү деңгээли болушу керек.
- Колдонулган күч коркунучка же тобокелге **пропорционалдуу** болууга тийиш (мисалы, сиз кимдир-бирөөнү жолдон туура эмес өткөнү үчүн атып салбайсыз).
- Полициянын күч колдонуусу жаракатка же өлүмгө алып келсе, ыкчам, кылдат, көз карандысыз жана калыс **иликтөө** жүргүзүлүүсү керек.
- Полиция кызматкерлери өз ыйгарым укуктарын кыянаттык менен пайдаланса мыйзам алдында **жооп берүүгө** милдеттүү.
- Укук коргоо органдары офицерлердин кызмат учурунда дуушар болушу мүмкүн болгон жагдайларда эмне кылуу керектиги боюнча так **көрсөтмөлөрдү**, анын ичинде күч колдонуу туурабы же жокпу деген чечимдерди иштеп чыгышы керек.



© Приваттык

*2018-жылдын 1-декабрында Франциянын Марсель шаарындагы наразычылык акциясында полиция көздөн жаш агызуучу газ колдонду.*

## НААРАЗЫЧЫЛЫК АКЦИЯЛАРЫН КӨЗӨМӨЛДӨӨ

Наразычылык акцияларына келсек, бийликтегилер ар бир адамдын тынч чогулуштарга катышуу эркиндигин пайдалануу укугун камсыз кылууга милдеттүү (анын ичинде наразычылык акциялары да). Наразычылык акциялары учурунда полициянын жүрүм-туруму боюнча эл аралык так эрежелер бар. Тынч митингдерди өткөрүүгө көмөк көрсөтүү полициянын милдети.

- Эгерде чыңалуу жаралса, полиция аны басаңдатууга милдеттүү.
- Эгерде кээ бир демонстранттар ээнбаштык кылып, зордук-зомбулук аракеттерине барышса, бул тынч митингди чуулгандуу чогулушка айландырбайт. Ошондуктан тынчтыкты сактаган башка катышуучулардын наразычылык акциясын уланта беришине полиция кепилдик бериши керек.
- Кичинекей азчылык топтордун ээн баштыктары үчүн эрежеден тышкары күч колдонууга болбойт.
- **Эгер башкалардын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн күч колдонуу талап кылынса, полиция зарыл болгон минималдуу күчтү колдонушу керек.**
- Наразычылык акциясын таркатуу чечими бардык башка азыраак чектөөчү каражаттар майнапсыз болуп калганда акыркы чара катары көрүлүшү керек.
- **Наразылык акцияларын таркатууда көздөн жаш агызуучу газ же суу аткычтар, эгер адамдар окуя болгон жерди таштап кете алса гана колдонулушу керек. Аларды массалык түрдөгү зордук-зомбулукка жооп катары жана максаттуу каражаттардын көбү ашынган аракеттерди оздуктай албаганда гана колдонсо болот. Жаш агызуучу газ гранаталарын, снаряддарды же картечтерди эч качан адамдарга каршы түздөн-түз атууга болбойт. Бул картечтер атылганда, кооптуу снаряддарга айланып, жыйынтыгында, өзгөчө жакын аралыктан атылганда же дененин белгилүү бир бөлүктөрүнө багытталганда, травма же сокурдукка алып келиши мүмкүн.**
- Ок чыгаруучу куралдар эч качан көпчүлүктү таркатуу үчүн колдонулбашы керек.

Тынч чогулуштарды өткөрүүгө көмөктөшүүдө жана демонстранттардын укуктарын сактоодо полициясынын милдеттерин терең түшүнүү үчүн бул тема боюнча биздин 15 мүнөттүк онлайн модулубузду колдонсоңуз болот: https://www.eduworkout.org/projects/2 (орус тилинде) .

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

# ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ
# ТИЙИШТҮҮ УКУКТАР

| АДАМ УКУКТАРЫ | БУЛ ЗИНЕБ РЕДУАНДЫН ИШИНЕ ТИЕШЕЛҮҮБҮ? |
|---|---|
| **ЖАШООГО УКУГУ (3-БЕРЕНЕ)** | **Тиешелүү:** Зинеб көздөн жаш агызуучу гранатасын этиятсыздык менен колдонуудан улам өлтүрүлгөндө анын жашоого болгон укугу бузулган. |
| **БИЛИМ АЛУУ УКУГУ (26-БЕРЕНЕ)** | Тиешелүү эмес. |
| **СОТ АДИЛЕТТИГИНЕ ЖЕТҮҮ ЖАНА УКУКТУК КОРГООНУН НАТЫЙЖАЛУУ КАРАЖАТТАРЫ (8-БЕРЕНЕ)** | **Тиешелүү:** Анын каза болгонуна төрт жыл болсо да эч ким иштен четтетилген же жоопко тартылган эмес. Зинебдин үй-бүлөсү Франциянын юстиция системасы тарабынан таасирдүү натыйжаларга жана тийиштүү сот процессине күбө болууга укуктуу. |
| **АДАМДЫН КАДЫР-БАРК ЖАНА ЖЕКЕ КООПСУЗДУК УКУГУ (3-БЕРЕНЕ)** | **Тиешелүү:** Зинеб өз үйүндө көздөн жаш агызуучу газ гранатасынан алыс жана коопсуз болууга укуктуу болчу. |
| **СӨЗ ЭРКИНДИГИ УКУГУ (19-БЕРЕНЕ)** | **Тиешелүү:** Демонстранттар өз оюн билдирүүгө укуктуу болчу. |
| **ИШТӨӨ УКУГУ (23-БЕРЕНЕ)** | Тиешелүү эмес. |
| **КҮНӨӨСҮ ТАСТЫКТАЛГАНГА ЧЕЙИН КҮНӨӨСҮЗ БОЛУУ УКУГУ (11-БЕРЕНЕ)** | **Балким тиешелүү:** Полиция кызматкери күнөөсү тастыкталмайынча, сот адилеттиги орногонго чейин күнөөсүз деп эсептелүүгө укуктуу. |
| **БАШКАЛАР МЕНЕН ТЫНЧ ЖАГДАЙДА ЖОЛУГУШУУ УКУГУ (20-БЕРЕНЕ)** | **Тиешелүү:** Адамдар Марселдеги турак-жай шарттарынын начардыгы боюнча маселени көтөрүү үчүн башкалар менен жолугушууга укуктуу болчу. |

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

# ТАРАТМА
# ЗИНЕБДИН ОКУЯСЫ

Франциянын Марсель шаарында жашаган 80 жаштагы Зинеб Редуан аттуу аял жашоосунда музыкадан жана гүлдөрдөн кубаныч алган. 2018-жылдын 1-декабрында кечинде Зинеб төртүнчү кабаттагы өзүнүн батиринде кечки тамакты даярдап, кызы менен телефон аркылуу сүйлөшүп жаткан. Марселде эки турак жай кулап, сегиз киши каза болгондон кийин, тургундар жашоо шарттарынын начардыгын билдирип, көчөлөрдө нааразычылык акциясына чыгып жатышкан. Наараз элди таркатуу үчүн полиция кызматкерлери көздөн жаш агызуучу газ колдонгон.

Ачык турган терезесинен жаш агызуучу газ кирип жатканын байкаган Зинеб терезени жапканы жанына барган. Ал көчөдөгү полиция кызматкерлерин терезеден көргөн. Бирок окуя мындан ары чындап эле коркунучка айланган. Полиция кызматкерлеринин бири көздөн жаш агызуучу газ гранатасын Зинебди көздөй ыргытып жиберген. MP7 жаш агызуучу газ гранатасы анын бетине тийген.

Зинеб бетинен катуу жараат алып, кансыраган абалда ооруканага жеткирилген. Жаак сөөктөрү сынып, таңдай сөөгү түшүп кткендиктен дем ала албай муунуп жаткан. Ага шашылыш операция керек болчу, бирок анестезия астында анын жүрөгү токтоп калгандыктан операцияны аягына чыгара алышкан жок. Зинебдин жүрөгү дагы бир нече жолу токтоп калып жатып, ал бул дүйнө менен кош айтышты.

Зинеб көздөн жаш агызуучу газ гранатасын этиятсыз колдонуудан жабыркап каза болду. Дээрлик төрт жыл өтсө да анын өлүмү боюнча тергөө иштери дагы деле уланууда. Бирок, азыркыга чейин адам өлтүрүү боюнча эч ким жоопко тартылып, же убактылуу кызматынан четтетилген эмес. Зинебдин үй-бүлөсү дагы эле адилеттиктин орношун күтүп жатышат.


© Приваттык



© Приваттык


© Приваттык

*Жогорудан төмөн: Зинеб Редуан.*

*Франциянын Марсель шаарында 2018-жылдын 1-декабрындагы нааразычылык акциясы.*

*Зинеб Редуандын батиринин полунда көздөн жаш агызуучу газ гранасынын күйүк издери.*

> **“Полиция кызматкери мени көздөй мээледи. Мен аны көрдүм”,**
>
> **деп Зинеб кызы Милфетке көздөн жаш агызуучу газдын жарылуусунан көп өтпөй телефон аркылуу айтканга үлгүргөн.**

# ЭЛ АРАЛЫК МУНАПЫС УЮМУ ЖӨНҮНДӨ

Эл аралык Мунапыс Уюму - бул 10 миллиондон ашык адамдын адилетсиздикке каршы күрөшкөн глобалдык кыймылы. Биз адам укуктарын бардык адамдар пайдалана тургандай дүйнө үчүн үгүт иштерин жүргүзүп келебиз.

Биз качан жана кайсы жерде мыйзам бузуулар болбосун аларды иликтеп, фактыларды ачыкка чыгарабыз. Бийликтегилерди, ошондой эле ишканалар сыяктуу башка таасирдүү топторду колдоо менен алардын берген убадаларын аткарып, эл аралык мыйзамдарды сыйлашына аракет көрөбүз . Биз менен иштешип жаткан адамдардын таасирдүү окуяларын айтып берип, дүйнө жүзү боюнча миллиондогон колдоочуларды өзгөртүү үчүн өнөктүккө жана алдыңкы катардагы активисттерди коргоого мобилизациялайбыз. Билим берүү жана тренингдер аркылуу элди өз укуктарын талап кылууну үйрөтөбүз жана колдойбуз.

Биздин иштер адамдарды коргойт жана күчтөндүрөт - өлүм жазасын алып салуудан сексуалдык жана репродуктивдик укуктарды өнүктүрүүгө; дискриминацияга каршы күрөшүүдөн качкындардын жана мигранттардын укуктарын коргоого чейин иш алып барабыз. Кыйноочуларды жоопко тартууга, репрессивдүү мыйзамдарды өзгөртүүгө жана өз оюн айтканы үчүн камалгандарды бошотууга жардам беребиз. Эркиндигине же кадыр -баркына коркунуч туулган ар бир адам үчүн чакырык жасайбыз.

**AMNESTY INTERNATIONAL УЮМУ**
**ЭЛ АРАЛЫК КАТЧЫЛЫК**
Питер Бененсон Хаус
Истон көчөсү, 1
Лондон WC1X ODW
Бириккен Королдук

Индекс: 32/5902/2022 Kyrgyz
Сентябрь 2022
т: +44 (0)20 7413 5500
ф: +44 (020 7956 1157
электрондук дарек:
contactus@amnesty.org
**https://eurasia.amnesty.org/**

Башка түрдө көрсөтүлбөгөн учурда бардык сүрөттөр
© Эл аралык Мунапыс Уюмуна/ Amnesty International таандык.
Мукаба сүрөтү © Приваттык,
© Ансплэш

**УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ**

AMNESTY INTERNATIONAL